**ЖАШТАР**
саясий партиясы

721400 Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад обл., Таш-Көмүр ш. Батыркулов көч., 5-үй, ИНН 01310201610169, e-mail: jashtar_sp@mail.ru

«04» 03 2022-ж/г № 03

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.К.Шайлдабековага

Таш-Көмүр АШКсынын төрагасы Т.Тургунбаевге

## КАЙРЫЛУУ

Урматтуу Нуржан Кармабековна!

Биз, Таш-Көмүр шаарындагы 2022-жылдын 10-апрелиндеги өтүүчү Таш-Көмүр шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катыша турган «Жаштар» саясий партиясы, Сизге төмөндөгү маселе менен кайрылып жатабыз.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" №31 ПЖ Жарлыгына ылайык, Таш-Көмүр шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоо 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө» мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 9-февралында №11 токтому менен бекитилген "Календардык пландын" негизинде, 2022-жылдын 28-февралында саат 24:00до саясий партиялардан келген талапкерлердин тизмелерин жана тиешелүү документтерин кабыл алуу токтогон.

Ал эми "Социал Демократтар" саясий партиясынан Р.Асаналиев жана М.Кунасов деген талапкерлер 2022-жылдын 01-марттында саат 00:04до имаратка кирип келишкен. Дагы бир баса белгилей кетчү учур партиянын *шайлоо боюнча өкүлү* келген эмес. Биз "Жаштар" саясий партиясынын өкүлдөрү жана талапкерлер, М.Кунасов менен Р.Асаналиевдин кеч кирип

келгендерин видеого жана сүрөткө тартып алганбыз. Ошондой эле ал зданияда беш алты жерде камералар бар. "Социал Демократтар" саясий партиясынан талапкер М.Кунасовдун колунда эч кандай кагаз болгон эмес. Ал кирип эле кайра чыгып кеткен. Ал эми Р.Асаналиевдин колунда бир жука скоросшиватель болгон. Р.Асаналиев шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алып жаткан кибенетеке кирип, кайра эле чыгып системдык администратор Сагынбаев Ынактын кабинетине кирип кеткен. Ал жактан он мүнуттан кийин чыгып, анан документтер кабыл алган комиссияга барган. Биз документтерди кабыл алып жаткан комиссия мүчөлөрүнө да эгер документтерди кабыл алсаңар үстүнөрдөн арыз жазабыз деп эскертип айттык. Себеби булардын кеч келгендиги боюнча ошол жерде тургандардын бардыгы видеого, сүрөткө тартып алышкан жана бул боюнча тиешелүү акт түзүлүп, окуяга күбө болгон партия өкүлдөрүнө, АШКсынан документтерди кабыл алган мүчөлөрүнө кол койдурулган.

Бүгүнкү күндө "Социал Демократтар" саясий партиясы шаарда биз КР БШКсына арыз менен кайрылдык, шайлоого барабыз биздин маселе чечилди деп айтып жүрүшөт. Биз жогору жактагылар менен сүйлөшүп койгонбуз деп шайлоого катыша турган үч партияга тен барышып, "Социал Демократтар" саясий партиясынын шайлоого катышуусуна макулдук берилүүсүн сурап жатышат. Ошондой сөздөрдү угуп биз сиздерге кайрылууну туура көрдүк.

Биз "Жаштар" саясий партиясы Сиздерге, "Социал Демократтар" саясий партиясынан талапкер Р.Асаналиевдин кайрылуусу боюнча мыйзам чегинде адилеттүү чечим кабыл алат деп ишенебиз.

"Жаштар" саясий партиясынын

Координатору: К.Сооронбаев

Шайлоо боюнча өкүлү: А.Усекеев

Финансы боюнча өкүлү: У. Акматалиев